УДК 809.1

Садыров М.Т.

*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ЭНЕ ТИЛДИ РУХАНИЙ КЕНЧКЕ АЙЛАНТКАН ОЙЧУЛДАР ЖАНА ДААНЫШМАН АКЕЛЕР

*Бул макалада кыргыздын замана адабиятынын көч башында турган акылман, ойчул Калыгул, Арстанбек акындын чыгармачыл жүздөрү жана Ысыккөлдөн чыккан айтылуу Мойт аке, Сарт аке, Садыр аке ж.б. элдик кызматы тууралуу кеп козголуп, «аке» терминине карата кээ бир ой толгоолор берилет.*

Эне тили улут табиятынын көөнөрбөс улуу сыры катары эң тунгуч башат болгон алгач нерселерге кайрылууга түртөт. Алсак, дүйнөдөгү бардык элдердин анын ичинде диндердин таржымалдарында тил Кудай тарабынан адамзатына өмүр менен бирге тартууланган өзгөчө бир баа жеткис өнөр катары эсептелинет. Ал эми эң алгачкы тил кимге таандык экендиги тууралуу маселеге келгенде элдер бири-бири менен бүгүнкү күндөргө чейин тартышып келүүдө. Буга тиешелүү мисалдарды байыркы заманда жашап өткөн Геродоттун пикиринен да кездештирүүгө болот. Алгачкы тарыхчы атыккан Геродот Адам (Адам ата) тарабынан ар нерселерге, макулуктарга ж.б. коюлган ат эң туурасы деп айткан. Көпчүлүк элдердин балакыял божомолдорунан баштап өтө терең мааниге ээ ой толгоолорунун бардыгында тилдин келип чыгышынын түрдүү сырларын ачып берүүгө далалаттанышат. Алла Таала Адам баласын өзү жаратканы чын болсо, аны башка макулуктардан өзгөчөлөп тилди да кошо бергени аныктыр. Ошондон улам Алла Таала адамдарга бере турган өнөрлөрдүн башы кылып тилди тартуулаган. Башынан Теңирди туу туткан калкыбыз бул улуу наркты сактап «Өнөр алды - кызыл тил» деп бекер айтпаса керек. Ал гана эмес Кыргыз эли Тун атабыз менен Тун энебиздин аттарын эч өзгөртпөй тилибизде, дилибизде сактап Адам баласыбыз деп келебиз. Бул бир жагынан тилибиздин байыркылыгын билдирсе, экинчи жагынан кыргыз тилинин Адам ата менен Обо энебиздин сүйлөгөн тили менен байланышы бар экендигин туюнтуп жатат. Мындай жагдайлар эне тилибиздин түпкү касиеттеринен да кабар берет. Анткени кээ бир диний уламыш кептерге таяна турган болсок, Алла Таала Адамды азыркы кыргыздар жана ага боордош калктар мекендеп турган бейиштей кереметтүү жерге түшүргөн экен. Мунун өзү да кезегинде, өзгөчө «Манас» эпосунда кеңири кездешкен байыркы көөнө сөздөрдүн түбү барып бизге али белгисиз купуя сырларды катып жаткансыйт.

Жогоруда Геродот белгилеген фактыга кайрыла турган болсок, Адам ата бардык нерселерге, макулуктарга өзүнчө ат койгондо гана, б.а., адамзатына берилген тилди байыткандан кийин гана Алла Тааланын чоң ишеничин алган экен. Мындан улам адамдар өздөрүнүн акыл-эси менен жасаган байыркы таш буюмдардан баштап, ташка чегилген жаныбарлардын, кишилердин ар түрдүү сөлөкөттөрүнүн бардыгы сөз менен байланыштуу жаралганын тануута болбойт. Анткени өз аталышы бар нерселер гана сөз менен коштолуп эң жөнөкөй болсо да өз наамына ээ болгон. Мындайча айтканда, алгачкы адамдардан тартып эле алардын акылынын ачкычы тили болуп келген. Көрүнүп тургандай адамдар өздөрүнүн алгачкы аракеттеринен баштап эле, өз сөзүн бир нерсеге түшүрүүнүн аракетин көрүп келген. Эгерде адамдын өзүнүн колу менен жараткан нерсенин бардыгы анын сөзү менен байланыштуу болсо, кезегинде адамдын өзү да ошол эле сөздүн сүрөтүн (тамганы) жаратуу үчүн тарыхтын эчен жолун басып өтүп

гана жазуу тилине жетишкен десек болот. Маселен, 1893-жылы даниялык рунолог Вильгельм Томсен көчмөн түрк элинин өзүнүн жазуусу болгондугун аныктап, ал тексттердин ичинен адегенде Теңирчилик деген сөздү окууга жетишкен. Ал эми рун жазуулары көбүнесе кыргыздарга тиешелүү экендигин түркolog окумуштуулар С.Малов, А.Бартольд, А.Бернштам, С.Абрамзон ж.б. өзгөчө белгилеп кетишкен. Кыргыз эли ташка жазылган рун жазууларын жаратууга байыркы доорлордо эле жетишкендигин эске алсак, анда алардын тил маданиятынын (оозеки) канчалык байыркы экендигин түшүнүү өтө деле кыйын эмес. Анткени, кайсы гана эл болбосун жазуу маданиятына оозеки тилинин өсүп-өнүккөн учурунда гана, б.а.,өз тилинде улуу чыгармаларды жараткандан кийин гана жетише алат. Бирок бул жерден эске алып койчу нерсе, бир эл жазуу тилин өз формасында сактап, өнүктүргөн болсо, экинчи бир эл ошол эле жазуу тилин жадында(оозеки) сактап келген учурлары болот. Мунун түздөн-түз далили болуп араларын ондогон, жүздөгөн жылдар ажыратып турган Орхон-Енисей, Талас ж.б. жазууларын көрсөтүүгө болот. Андай болбогон күндө байыркы рун жазуусун жараткан байыркы эл катары аны жадында сактап улуу эне тилибизди руханий дөөлөткө айланта алышмак эмес. Адам атанын чыныгы урпактары катары ушул эки касиетти(оозеки, жазма) тилди кыргыз эли кандай түрдө сактап келе алды деген суроо туулбай койбойт. Мындайча айтканда, сүйлөө тили менен жазма тилинин өз учуруна жараша жогорку маданиятын өздөштүрүп, кезегинде аны эриш-аркак колдонуп келген эл гана дүйнөдө «Манас» сыяктуу улуу эпосторду жарата алат. Кыргыз элинин көп кылымдаган маданиятын, философиялык ойлорун, эстетикалык көзкараштарын ж.б. көптөгөн түшүнүктөрүн ичине сыйдырган «Манас» эпосунун өзү элибиздин тилинде гана сакталып, кезегинде ага жазуу маданияты да сиңип кеткендигин баамдоого болот. Тагыраак айтканда, «Манас» эпосу баштаган бир катар эпосторубуз жеке эле оозеки тилибиздин эмес, улуттук жазма маданиятыбыздын да тарыхый булагы болуп бере аларына шек жок.

Ошентип, жандүйнөсүнөн жаралган тил аркылуу гана кыргыз эли руханий кенчке айланган улуу чыгармаларды, ойлорду жаратып, дал ушул эне тилибизде сүйлөгөнүбүз үчүн гана эч бир калкка окшобогон асыл сапатка ээ болуп, тарых алдындагы Адам деген атыбызды өчүрбөй келебиз.

Кыргыздын ысымын кылымдарга сермеген эне тилибизде ураан чакырып Атажуртту коргоп, кыргыз дегенде Манасты, Манас дегенде Кыргызды түшүнгөн түпкүлүктүү элибизден Бакай атабыздай акжолтой акылмандарыбыз, Каныкей энебиздей асылзаадаларыбыз, Токтогулдай ырчыларыбыз, Толубайдай сынчыларыбыз, Сагынбай, Саякбайдай манасчыларыбыз чыгып тилибизди, дилибизди урпактарга берүү менен кезегинде ал баа жеткис кенч катары сакталып калды. Элибиздин дал ушул сөздү баалап кеп билгилиги Кыргызды эчен кырсыктан сактап, бир Теңирдин өзүнөн акдилинен жакшылык күтүп, «аккан суу, чыккан чөптөн башкасына зыяны жок» жашаган элибиздин уучу дүйнөдөгү асыл нерселердин баардыгынан куру эмес экен. Жаңы төрөлгөн наристеден баштап карыяга чейин ак батасын арнап, Атажуртунун тоо-ташына, жер-суусуна сыйынып – дүйнөдө болгон жакшылыкты келечектен тилеп жашап келген Кыргыз эли Алатоосуна окшоп аккалпак кийип, колуна койкойгон комузун алып, кулактын моокумун кандырган кереметтүү үнү менен өзү туулуп өскөн Мекенин даңктап ырдаган нечендеген актаңдай ырчылардын, тилин безеп сүйлөгөн чечендердин, санжырага сан ойлорду батырган бабалардын, санчы-

сынчылардын сөздөрүнөн уютулган Кыргыз тили ары бай, ары ардактуу.

Мына ошол эне тилде терең ой жүгүрткөндөрдүн катарында Калыгул Бай уулу, актаңдай акын Арстанбек Буйлаш уулу турат десек жаңылышпайбыз. Айтылуу Калыгул ойчулдун, Арстанбек акындын чыгармачыл жүздөрү негизинен замана багытында болуп, кезегинде алар бул тематиканы санат, накыл ойлорго ширетип өзгөчө деңгээлде ачып бергендиктерин көрөбүз. Замана агымынын көрүнүктүү өкүлдөрүнөн болгон Калыгул ойчул менен Арстанбек акындын негизги темасын адам жашоосундагы түбөлүктүү темалар ээлеп - терме, санат-насыят, накыл ойлор аркылуу мезгилдин элегинен өткөрүлүп, замандын өткөнүнө учур аркылуу жооп берилип, келечекке жооп изделет. Калыгул Бай уулу кайсы гана темада ойлонбосун анын меселдетип жорго сөзгө салып айткандарынан өзгөчө бир олуялык касиетти байкоого болот. Байыркы гректердин улуу акылманы Аристотель айткандай, «тарыхчы болгон нерсе жөнүндө, ал эми акын (ойчул) боло турган нерсе жөнүндө айтат»-деп чыгармачыл адамдын өзгөчө касиетин ошол доордо эле байкаган экен. Грек акылманы илгери эле байкаган эки касиетти тең алып, өткөнгө калыс карап, учурдан учкул ой жаратып, келечекке кемengerлик кылган Калыгул Бай уулу, Арстанбек Буйлаш уулу сыяктуу «элдик наркка» ээ болуп Ысыккөлдүн кереметтүү боорунан чыккан Мойут аке, Сарт аке, Тилекмат аке, Садыр аке, Кыдыр акелердин ысымдары да ардакталып айтылат.

Жараткандан жышаналуу төрөлгөн Калыгулга бала чагынан зээндүүлүк мүнөздүү болуп өз мезгилинин илим, билимине да ээ болуп боордош, диндеш элдердин адабияты философиялык көзкараштары менен кеңири таанышта болуп кезегинде алар тууралуу терең ой жүгүтүүгө жетишкен өзгөчө ойчулдук касиетти алып жүргөндүгүн анын эл оозунда өчпөй сакталып калган сөздөрүнөн таасын байкоого болот.

* * *

Азиздер айтып кетиптир,
Акыр заман болжолун,
Ал азирети байгамбар,
Адам ата баш болуп,
Коюп кеткен колдорун.
Акыр заман кишиси,
Кичине болор мүчөсү.
Илгери өткөн адамдан,
Башка болот.
Адеби жок сүйлөгөн
Кашка болот.

* * *

Акыр заман Адамы,
Алым болот.
Аяттын сөзүн бек тутпай,
Залым болот.

Белгилүү манасчы Шапактын баяндама формасында берилген поэмасында Калыгул «орозо менен намазын жазбаган», «уят-сыйытты катуу сактаган», «элге сөзү өтүмдүү чечен» болгондугу тууралуу айтылат. Эгерде Калыгулдун алдын ала айткан олуялыгын, сөзгө чечен ойчулдугун эске алып анын жогорудагы маселдетип айткандарына тереңирээк көңүл бура турган болсок, кезегинде анын диний түшүнүктөр менен ал гана эмес, суфийлик адабияттан маалыматы болгонбу деген ой туулат.

X-XI к.к. Орто Азиядан чыккан окумуштуу Бирунинин гректин суфос-акылман деген этимологиясын пайдалангандыгына таяна турган болсок, Орто кылымдардын X,XI,XII кылымдардагы Келабадинин «Суфийлердин окуусу

менен таанышуу», Абу Талиб Меккинин «Жүрөктөрдүн күчү», аль-Газалинин «Ишеним тууралуу билимдин тирилүүсү» жана XIII-XIV к.к. Ахмед Ясавинин, Джалалиддин Руминин чыгармалары менен суфийлик адабият Орто Азияда башталып, көптөгөн түрдүү тилдерде айрыкча араб, перс тилдериндеги прозалык жана ыр түрүндө жазылган трактаттар өздөрүнүн мүнөзү жагынан көбүнесе адабий чыгармалардын көркөмдүүлүк элементтерине өтө эле бай болгон. Ошол эле учурда алардын чыгармаларынын мазмуну дидактикалык жанрда болуп «чындыкка жетүү», «Кудай менен биригүү» идеяларын чагылдырып көпчүлүгү табиятынан таланттуу, өзгөчө бир касиеттерге ээ акылмандардан болушкан.

Албетте Калыгул Орто кылымдын бул атактуу чыгармалары менен тааныш болгон деп кесе айтуу кыйын, бирок ошол эле учурда анын Алла Тааладан бүткөн олуялыгы, жөнөкөй пенделердин бардыгына эле бериле бербеген өзгөчө касиети бийик чындыкты тутууга, ага жетүүдө Адам жашоосунун келечек тагдыры тууралуу мистикалык ойлору, айткандарынын бардыгынын туура чыгышы, анын жогорку күчтөр менен байланышы бар экендигинен бир чети кабар берсе, экинчи жагынан анын айткандарынын жанрдык мүнөзү жагынан Орто кылым акылмандарынын ойлоруна жакындыгын белгилеп турат. Калыгулдун маселдетип айткандары бир жагынан ыр түрүндө уйкалышып шыдыр айтылса, анын накыл сөздөрү, макалга айланган терме-санаттардан турган улуу ойлору дидактикалык жанрда түзүлүп оозеки адабияттын үлгүлүү формаларында берилгендигин тастыктап турат. Калыгулдун санат-насыят жанрында айткандары замана агымынын дагы бир «жолун» көрсөтүп алар тематикалык жактан өтө эле ар түрдүү экендигинен кабар берет.

Өткөн өмүр-качкан куш,
Кайтып келбейт ордуна,
Булут минсең жетпейсиң
Мурунку өткөн жашыңа.
Шамал минсең жетпейсиң,
Санаа менен өмүргө,
Санасаң айла таппайсың,
Ажал менен өлүмгө.

Калыгулдун айткандарынан таасын көрүнүп тургандай, бул ойлордун бардыгы мистикалык мүнөздү алып жүргөнү менен нукура чындыкты көрсөтүп турган Адам тагдыры экендиги талашсыз. Бирок ошол эле учурда адам жашоосу ушул сыяктуу эле чындыктан турбасын Калыгулдун кийинки термесинен байкоого болот.

Элге келет бир кезек,
Жерге келет бир кезек,
Элге кезек келгенде
Салкын, чалкар төр жайлайт,
Күтүрөгөн мал айдайт.
Жерге кезек келгенде,
Бети килем түр болуп,
Байчечекей гүл жайнайт – деп элдин, жердин бейкут жашоосун көз алдыга келтирип, туңгуюк ой менен анын түбөлүктүү эмес экендигин да туюндуруп берет.

Калыгул Бай уулунун, калтырган баа жеткис мурастарынын кыйла жылдар бою изилденбей изилдөөчүлөрдүн көзкырынан оолак калышын бир жактуу кароо мүмкүн эмес. Алсак, биринчи себеби анын ойлорунун, айткандырынын бардыгы нукура чындыктан тургандыгында, б.а., замандын чыныгы агымына үндөш жаралаган ойлору орус баштаган калктардын тарыхый жүзүн айгинелеп турса,

экинчиден совет заманынын аттеисттик саясаты да ага кедергисин тийгизбей койбогон эмес. Анткени анын айткандарынын, ойлорунун акылман саптары диний мүнөздү алып жүргөндүгү да себеп болгодугун танууга болбойт.

Кыргыз элинин арасында Калыгулдун аттын кашкасындай таанымал, белгилүү – «Ысыккөл бейиштин бир эшиги. Суу сайын нарын табак эти бар. Жайы болуп, катыра ысыгы жок, ат жеткис жерде мындан артык кызыгы жок, кыш болуп кашкая суугу жок, мактанып жер жетеби, Адам мындан кетерби?! Ысыккөлдөн чыкпагыла балдар» - деп эзелтен Кыргыз жердеп келген, кереметтүү жерибиздин асылдыгын баалап, аны укумдан-тукумга сактап калууну бекеринен керээз кылбаган чыгар.

Көкүрөгү ыйманга толгон заман чындыгын жазбай тааныган, элим, жерим дегенде өмүрүн сайып, ал үчүн ак дилден кызмат өтөгөн Калыгул атабыздын «өзү өлсө да, сөзү өлбөй» күнү бүгүнкүдөй элибизге накыл, нускоо болуп жашап жатат.

Белгилүү акын Арстанбек Буйлаш уулунун кыргыз адабияттаануусундагы чыгармачылык жүзүнүн изилдениш жагдайына кайрылсак, анын таланты ташкындаган, өнөрү көп тармактуу, учурунда кыргыздын залкар төкмө-акыны, чоң комузчу, күүчү жана обончусу катары Замана адабиятынын ири өкүлдөрүнүн алдынкы сабында тургандыгын адабият изилдөөчүлөрү бир ооздон белгилешет. Чыныгы акындар гана чыгармачылык салтты өлтүрбөй, Кызыл тилди мезгилдин түрдүү таржымалдарына бүлөп, кезегинде аны келечек урпактарга көөнөрбөс кенч катары мурас кылып калтырышат. Арстанбек жаштайынан эле ырчы катары элге таанылып өмүрү өткөнгө чейин элдин мүдөөсүн, көөдөндөгү ой-тилегин ырдап жүрүп өткөн чыныгы заманачы акын болгон. Анын чыгармачылыгынан тилибиздин өтө бай казынасын табууга болот. Арстанбек акындын чеберчилигинин бир өзгөчөлүгү болуп акындарга мүнөздүү болгон бардык касиеттерди андан көрүүгө болот. Ал өзүнчө туруп эле оозеки адабияттын дээрлик бардык жанрларында чыгарма жаратууга жетишип, кезегинде «Замана адабиятын» («Тар заман») тематикалык жактан алда канча кеңейтип, ага тарыхый баа берүүдө реалисттик акын катары көрүнө алган. Мисалы,

Байталдан тууган керди алар,  
Башчы болгон эрди алар,  
Эгинге жайлуу жерди алар,  
Каапыр алар жериңди.

Арстанбек төкмөчү катары замандын сырларын терең өздөштүрүп, ача билген нускоочу акындардын ири өкүлү. Ал Калыгул ойчул баштаган замана жолундагы чыгармаларды эле байытпастан, кыргыз оозеки адабиятынын терме, санат жанрын, комуз күүлөрүн (500 күү чыгарган деп белгиленет), обондуу ырларды алда канча байытууга жетишкен. Мунун бардыгы биригип келип, Арстанбекти кыргыз адабий тилин сактап эле эмес, аны байытып, соолубас дайрага айланткан теңдеши жок акындардан болгондугун айгинелеп турат.

Жалпылап айтканда, сөз сөөлөтүн сыйлап, ал аркылуу тилибиздин кадырын көтөргөн улуу ойчулдарыбыз, акындарыбыз руханий дөөлөтүбүздүн улантуучулары болгон жана эне тилибиздин түбөлүктүүлүгү үчүн зор салым кошушкан.

XVIII кылымдын аягы XX кылымдын биринчи чейреги аралыгында Ысыккөл өрөөнүндө бир катар улуу инсандар жашап өтүшкөн. Эл тарабынан бул наамга өз учурунда татыгандар Мойут аке, Сарт аке, Садыр аке, Кыдыр аке делип төртөө эле болгону көпчүлүккө маалым. Эл тагдырына күйүп, элдин келечек жашоосунун камын көргөн улуу инсандарга эл өзү урмат-сый кылып ыйгарган бийик даража. Албетте, бул наам этимологиялык мааниси жактан бир

катар түшүнүктөрдү камтыйт. Бул термин боордош казак, өзбек сыяктуу түрк элдеринде өзүнөн улуу эркек кишилерге карата айтылган сыйлоо түшүнүгүн берет. Бул сөздүн түпкү маанисин, маңызын Ысыккөл эли бузбастан туруп, элдин улуусу, атасы катары ыйгарган улуу даражага жеткиришкен.

Эгерде Доскулу уулу Сартбай ата түштүктү жердеген Дөөлөс уруусунан экендигин эске алсак, бул наамды Жыргалаңдын боюндагы бир чоң жыйында Тилекмат Жылкыайдар уулу акылман атабызга ыйгарган экен. Ал эми Тилекмат атанын түпкү теги да түштүк (Каракулжа району) тараптан болгондуктан, сөздү сыдыргыга салгандай шыдыр сүйлөгөн, кептин наркын, элдик салттын кадырын сыйлаган, «элчи» атка конгон сыр билги Адам түштүк элинин улуу салтын улап Сарт атага иниси катары аке деген сыймыктуу даражаны тартуулаган чыгар.

Оозунан чыккан сөз жерге түшпөй, эли-жерине кызматы сиңип турган Тилекмат атанын ыйгарган наамы Сарт акеге, Мойт акеге төп келе жарашып, бир кезде улуу эркек адамдарга гана айтылчу ысым, эл аталарынын насыйкатына айланган тура. Ал эми бул наамдын келечек таржымалы, Мойт акебиздин, Сарт акебиздин атынан айтылып, алардын эли-журту үчүн жасаган иштеринин даражасын коштоп «аке» сөзү өз кезегинде улуулардын - улуусу маанисин билдирип калган. Анткени кыргызда «ысым адамды жасабайт, адам гана ысымды жасап» аны жогорку даражага көтөрө алат. Ошондуктан аке сөзүнүн мааниси адеп жөнөкөй түшүнүктү берсе да, кийин улуу инсандардын ысымын коштоп жүргөн жогорку даражаны билдирип, кезегинде мындай наамга Садыр аке, Тилекмат аке, Кыдыр акелердин өздөрү да бекеринен элдик бийик даражага татыбаса керек.

Жумурай журтка асыл, накыл сөздөрдү тартуулап, элине ак кызматын кылган акелердин атагын алып жүргөн улуу акылман, олуяларыбыздын катарына кечигип болсо да Карга бийдин, Карач болуштардын ысымдарын катар коюп жаткандардын талбаган аракеттери да ушул бийик максаттарга багытталган десек болот. Тагыраак айтканда, учурунда элдин мүдөөсүн көздөп, анын ысык-суугуна күйүп-тоңгон, камын көргөн ата-бабалардын кылган иши бир тең болсо, алардын артында сакталып калган көөнөрбөс сөздөрүн өздөрүнө ыйгарып, тарыхтын бүктөмүндө калып кеткен кээ бир кемтиктерди бүтөп, кезегинде аларга татыктуу ысым аркылуу мурастарын түбөлүктүү калтыруу ниети деп түшүнүү керек.

Дегинкисин алганда, сөз кынтыгын чыгарбай сокур сөздөн көз таап, туюк жерден жол таап, сөздүн наркын таап сүйлөгөн улуу инсандардын көп кырдуу эмгектеринин аркасында «аке» термини улуу ыйсапты, акылмандыкты, берешендикти, көсөмдүктү, сөзмөрдүктү, олуялуулукту, боорукердикти, адамкерчиликти ж.б. көптөгөн улуу сапаттарды туюндурган кеңири түшүнүккө ээ болду. Мунун бардыгынан келип өз учурларында ушундай жогорку сапаттарды алып жүргөн Мойут аке, Сарт аке, Тилекмат аке, Садыр аке, Кыдыр акелерге эл өзү ардактап ыйгарган бийик даража тура.

Жыйынтыктап айтканда, акылман, ойчул, Калыгул, актаңдай акын Арстанбек жана эл кызматын кылымдап мойундарына көтөргөн акелердин көздөгөн мүдөөлөрү бирөө болгон – бул **ак сүйлөп, элине ак кызмат өтөө**.